| | |
|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**<br>**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** |
| | **САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ** |
| | **DP- 05.08** |

ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин
2025-жылдын
2-октябрындагы
№ 1 протоколу менен
КАБЫЛ АЛЫНДЫ

ОшТУнун ректорунун
2025-жылдын
9-октябрындагы
№ 392 - ӨБ буйругу менен
БЕКИТИЛДИ

# М. М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК КЕҢЕШИЖӨНҮНДӨ

## ЖОБО

**Ош – 2025**

**ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БАРАГЫ**

| ЛНА нуска № | Өзгөртүлгөн бөлүм/пункт (бети менен) | Окумуштуулар кеңешинин протоколу №, датасы |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Кызматтык пайдаланууга

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Илимий-техникалык кеңеши жөнүндө ЖОБО. - Ош, 2025-ж., 8 б.

Түзүүчүлөр: Танаков Н.Т., Исраилова Г.С., Сатыбалдыев А.Б., Жусупов Б. Т.

Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 2-октябрындагы № 1 жыйынынын протоколунун негизинде бекитилген.

мазмуну

1. Жалпы жоболор.....................................................................................................4
2. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин максаттары жана милдеттери ...... 4
3. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин негизги функциялары .................. 5
4. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин укуктары ...................................... 6
5. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин уюштуруучулук структурасы ...... 6
6. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин иштөө графиги ............................ 6
7. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттары ............................................................................................................. 7
8. Мамлекеттик жана эл аралык программалар менен өз ара аракеттенүү ........... 7

9. Илимий-техникалык кеңештин ишинин натыйжалуулугун баалоо ................. 7

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин
Илимий-техникалык кеңеши жөнүндө

**ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Илимий-техникалык кеңешинин статусун, максаттарын, милдеттерин, функцияларын, укуктарын, ыйгарым укуктарын, уюштуруучулук түзүмүн жана ишмердүүлүгүнүн регламентин аныктайт (мындан ары - ОшТУ ИТК).

1.2. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңеши университеттин илимий, илимий-техникалык, инновациялык жана билим берүү ишмердүүлүгүнө стратегиялык жетекчиликти камсыз кылуучу, туруктуу иштеген коллегиалдуу, эксперттик-консультативдик жана координациялык орган болуп саналат.

1.3. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын “Илим жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илимди өнүктүрүү концепциясына, Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин нормативдик актыларына, ОшТУнун Уставына, ошондой эле илим жана билим берүү тармагындагы эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга таянат.

1.4. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңеши университеттин илимий саясатын ишке ашырууну камсыз кылуучу орган болуп саналат жана анын ишмердүүлүгү билим берүү, илим жана инновациялардын өз ара байланышын чыңдоого, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууга, университеттин илимий-изилдөө потенцилын өнүктүрүүгө жана эл аралык илимий мейкиндике интеграциялануу шарттарын түзүүгө багытталат.

1.5. ОшТУнун илимий-техникалык кеңешинин компетенциясына кирген маселелер боюнча чечимдери университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү, илимий-педагогикалык кызматкерлер, кызматкерлер жана студенттер тарабынан сөзсүз аткарылууга тийиш.

1.6. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңеши өз ишин мыйзамдуулук, коллективдүүлүк, илимий объективдүүлүк, кесиптик жоопкерчилик, академиялык чынчылдык, ачык жана айкындуулук, илим менен билим берүүнүн интеграциясы, ошондой эле улуттук жана эл аралык илимий саясаттын артыкчылыктарын эске алуу принциптеринин негизинде иш алып барат.

1.7. Бул Жобо ОшТУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилип, университеттин ректору кол койгондон кийин күчүнө кирет.

**2. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин максаттары жана милдеттери**

2.1. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин ишмердигинин негизги максатары: илимий-изилдөө, инновациялык жана илимий-техникалык иштерди уюштуруу, башкаруу жана координациялоо, илимий мектептердин өнүгүшүн камсыз кылуу, жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, илим менен окуу процессинин интеграциясына көмөктөшүү болуп саналат.

2.2. ОшТУнун илимий-техникалык кеңешинин милдеттери:

1) ОшТУнун илимий-техникалык саясатын түзүү жана ишке ашыруу;

2) университетте илимий изилдөөлөрдү координациялоо жана анын сапатын жогорулатуу;
3) кафедралардын, лабораториялардын, борборлордун жана башка бөлүмдөрдүн илимий иштеринин пландарын кароо жана бекитүү;
4) билим берүү жана илимий процесстердин интеграциясын камсыз кылуу;
5) улуттук жана региондук милдеттерге ылайык келген фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;
6) эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү жана эл аралык илимий долбоорлорго катышуу;
7) диссертациялык изилдөөлөрдү даярдоого, кандидаттык, докторлук, PhD диссертацияларды коргоого көмөк көрсөтүү;
8) диссертациялык кеңештерди уюштурууну жана иштөөсүн кароо;
9) басма ишинин системасын өнүктүрүү, цитаталардын индексин жана ОшТУнун илимий басылмаларынын деңгээлин жогорулатуу;
10) студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын жана докторанттардын илимий-изилдөө иштерин колдоо;
11) илимий-инновациялык инфраструктураны, лабораторияларды, илимий борборлорду жана изилдөө платформаларды түзүүгө жана өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
12) университеттин кадрдык потенциалын өнүктүрүү, жаш изилдөөчүлөрдү даярдоо жана илимий мектептерди калыптандыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**3. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин негизги функциялары**

3.1. Университеттин институттарынын, кафедраларынын, лабораторияларынын жана илимий борборлорунун илимий иштерин уюштуруу жана методикалык жетектөө.

3.2. Илимий жана инновациялык ишмердүүлүк пландарын кароо жана бекитүү.

3.3. Диссертациялардын, илимий изилдөө долбоорлорунун жана программаларынын темеларын экспертизадан өткөрүү жана бекитүү.

3.4.Профессордук курамдын, студенттердин жана аспиранттардын илимий ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын талдоо жана баалоо.

3.5. Илимдин жана техниканын артыкчылыктуу багыттарына ылайык илимий изилдөө темаларын түзүү боюнча сунуштарды даярдоо.

3.6. Мамлекеттик, эл аралык жана региондук илимий программаларга катышуу үчүн берилген арыздарды кароо.

3.7. Академиялык жана өндүрүштүк уюмдар менен интеграциялык процесстерди колдоо.

3.8. Илимий иштердин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

3.9. Илимий эмгектерди, монографияларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын басып чыгарууга колдоо көрсөтүү.

3.10. Инновациялык долбоорлордун экспертизасы жана аларды окуу процессине жана өндүрүшкө киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

3.11. Университеттин илимий иштеринин коммерциялашуусу жана интеллектуалдык менчигин башкаруу маселелерин кароо.

3.12. Илимий ишмердүүлүктөгү жетишкендиктери үчүн кызматкерлерди жана студенттерди сыйлоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**4. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин укуктары жана ыйгарым укуктары**

ОшТУнун НТСи төмөнкү укуктарга ээ:

1) кафедралардын, лабораториялардын жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн илимий иши жөнүндө маалыматтарды суроо жана алуу;
2) долбоорлордун жана изилдөө программасынын жетекчилеринин отчетторун угуу;
3) диссертациялардын жана илимий долбоорлордун темалары боюнча корутундуларды берүү;
4) илимий изилдөөлөрдүн жана басылмалардын пландарын бекитүү;
5) илимий эмгектерди жарыялоого сунуштоо;
6) мамлекеттик жана эл аралык сыйлыктарга, гранттарга, стипендияларга жана сыйлыктарга талапкерлерди көрсөтүү;
7) кандидаттык, докторлук жана PhD диссертацияларын даярдоого жана коргоого көмөктөшүү;
8) кеңешмелерге катышуу үчүн адистерди, өндүрүштүн, мамлекеттик органдардын жана чет өлкөлүк уюмдардын өкүлдөрүн чакыруу;
9) публикациялык активдүүлүк системасын өнүктүрүү, цитаталоо индексин жана ОшТУнун илимий басылмаларынын деңгээлин жогорулатуу;
**10)** илимий-техникалык кеңещинин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө.

## 5. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин уюштуруучулук структурасы

5.1. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңеши университеттин алдыңкы окумуштууларынын, профессордук-окутуучулар жамаатынын өкүлдөрүнөн, илимий программалардын жетекчилеринен, кафедра жана бөлүмдөрдүн башчыларынан түзүлөт.

5.2. Илимий-техникалык кеңештин төрагасы болуп ОшТУнун илим жана инновациялар боюнча проректору саналат.

5.3. Илимий-техникалык советтин председателинин орун басары университеттин алдынкы окумуштууларынын бири дайындалат.

5.4. Илимий-техникалык кеңештин окумуштуу катчысы ОшТУнун Илим жана инновация бөлүмүнүн кызматкерлеринин ичинен дайындалат.

5.5. Кеңештин курамы ОшТУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

5.6. Илимий-техникалык кеңештин курамына ОшТУ менен биргеликте илимий-изилдөө иштерине катышкан тышкы уюмдардын өкүлдөрү кириши мүмкүн.

## 6. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин иштөө тартиби

6.1. Илимий-техникалык кеңештин жыйындары эки айда бир жолу өткөрүлөт.

6.2. Кезексиз жыйналыштар төраганын демилгеси менен же кеңештин мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн биринин талабы боюнча чакырылышы мүмкүн.

6.3. Жыйындар ачык өткөрүлөт; зарыл болгон учурда тышкы уюмдардын өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн.

6.4. Кеңештин мүчөлөрүнүн кеминде жарымы катышкан учурда жыйын укуктуу деп эсептелет.

6.5. Чечимдер көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

6.6. Чечимдер протоколдор менен расмийлештирилип, ага төрага жана илимий катчы кол коюшат.

6.7. Жыйындардын бардык протоколдору университеттин архивинде беш жылдан кем эмес сакталат.

## 7. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттары

ИТК изилдөөнүн төмөнкү артыкчылыктуу багыттарын аныктайт:
- Кыргызстан тарыхы;
- кыргыз тили;
- айыл чарба, биологиялык жана азык-түлүк коопсуздугу;
- жашыл экономика;
- саламаттык сактоо жана адамдын жашоо сапаты;
- климаттын өзгөрүшү, экология, жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу жана жашыл каржылоо;
- тышкы карызды жашыл демилгелерге алмаштыруу;
- туруктуу энергетика, курулуш индустриясы;
- индустрия 4.0;
- борбордук банктардын санариптик валюталары;
- санариптик трансформациялоо.

**8. Мамлекеттик жана эл аралык программалар менен өз ара аракеттенүү**

8.1. Илимий-техникалык кеңеш университеттин Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин илимий программаларына катышуусун уюштурат.

8.2. Кеңеш эл аралык гранттарга, илимий тармактарга жана академиялык алмашууларга катышуун координациялайт.

8.3. ИТК чет элдик университеттер жана илимий уюмдар менен биргелешкен лабораторияларды жана илимий борборлорду түзүү мүмкүнчүлүгүн карайт.

**9. ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин ишинин натыйжалуулугун баалоо**

ИТКнын натыйжалуулугу төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча бааланат:

- жыйынтыкталып аткарылган долбоорлордун саны;
- эл аралык маалымат базаларында жарыяланган басылмалардын саны;
- корголгон диссертациялардын саны;
- утуп алган гранттардын саны;
- ишке киргизилген инновациялардын көлөмү;
- илим менен билим берүүнүн интеграция деңгээли.

**9.2. Иш-чаранын жыйынтыгы жыл сайын ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинде каралат.**

**10. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү**

10.1. Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор ОшТУнун илимий-техникалык кеңешинин чечими менен киргизилип, ОшТУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

10.2. Жобо беш жылда бир жолу же зарыл болгон учурда кайра каралат.

**11. Жыйынтыктоочу жоболор**

11.1. Бул Жобо ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт.

11.2. Бардык түзүмдүк бөлүмдөр илимий-техникалык кеңештин чечимдерин аткарууга милдеттүү.

11.3. Жобо ОшТУнун ректору тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.